«Макулдашылды»
Ысык –Көл облакттык маданият кызматкерлеринин облакттык комитетинин төрайымы К.К. Истакеева

«Бекитилди»
Каракол шаарындагы Ы.Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда

# Жамааттык келишим

Каракол шаарындагы Ы.Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайы

Жамааттык келишимдин мөөнөтү: 2026- жылдын 22 – мартына чейин

Каракол 2023-ж.

**Каракол шаарындагы Ы.Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын эмгек жамаатынын 2023 - жылдын 27 – январында өткөн жалпы чогулушунда жактырылып, бекитилди.**

# Каракол шаарындагы Ы.Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын эмгек жамаатынын жетекчилик менен болгон жамааттык келишими.

## 1. Жалпы жобо

1. Бул жамааттык келишим –музыкалык окуу жайынын администрациясынын атынан иш берүүчү менен кызматкерлердин ортосундагы эмгек, коомдук-экономикалык мамилени жөнгө салуучу жана кесипттик кошун комитети менен болгон биримдикти камсыз кылуу максатында түзүлгөн укуктук акт. Жамааттык келишим ар- түдүү категориядагы кызматкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону кепилдей турган юридикалык документ.
2. Бул бир жактан администрациясынын атынан директор Тилегенов Курманбек Эсенгулович_______________ ал эми экинчи жактан эмгек жамааттын атынан кесипттик бирлик комитетинин ортосунда түзүлгөн макулдашуу болуп саналат. Бул макулдашуу 2023-жылдын 22-мартында күчүнө кирип, 2026 -жылдын 22-мартына чейин жарактуу болуп эсептелет. Жамааттык келишим коомдук өнөктөштүк, өз ара ишеним жана сый урматтын негизинде эмгек мыйзамдарына каршы келбейт.
3. Окуу жайдын администрациясы кесипттик бирлик комитетин окуу жайда болуп жаткан иш чараларды жүзөөгө ашырууга тоскоолдук жаратпай, жумушчулардын кызыкчылыктарын коргой турган уюм катары тааныйт. Администрация керектүү жабдуулар жана бөлмөнү бекер камсыздайт.
4. Администрация кызматкерлердин (бирликтин мүчөлөрүнүн) эмгек акысынан белгиленген тартипте төлөм акы кармат, маданият кызматкерлеринин облустук кесипттик бирлик комитетинин банк эсебине которот.
5. Окуу жайдын жетекчиси алмашып калса, жамааттык келишимдин иштөө мөөнөтү көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин сакталат.

## 1-Бөлүм

1. Кызматкерлерди бошотууда окуу жайдын жетекчилиги КРнын кодексин колдонот жана профсоюз уюму менен макулдашат.
2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, профсоюз комитетинин шайланган мүчөлөрү шайлоо ыйгарым укуктары аяктагандан кийин эки жылдын ичинде администрациянын демилгеси боюнча иштен бошотулбайт.
3. Музыкалык окуу жайдын кызматкери менен администрациянын эмгек келишимин профсоюз комитетинин макулдугусуз администрация буза албайт.

4. Эгерде жумуш ордуна же кызматка бирдей кесиптеги бир нече адам талапкер болсо, анда администрация музыкалык окуу жайынын профсоюзунун мүчөсүнө артыкчылык берет.
5. Администрация музыкалык окуу жайдын кызматкери же жалданып иштөөчү кызматкер менен жамааттык келишимде жана КР эмгек мыйзамдарында көрсөтүлгөн шарттардан төмөнкү шартта эмгек келишимин түзө албайт.
6. Музыкалык окуу жайынын ишинин өзгөрүшүнө байланыштуу бардык маселелер кесиптик бирлик комитети менен бирдикте каралууга тийиш.

**2-бөлүм**

**Жамааттын экономикалык иши жана эмгегине акы төлөө**

1. Кызматкерге эмгек акы төлөө ставкалар боюнча жана кызматтык бирдиктүү тарифтик торчонун негизинде администрациясы тарабынан жүзөгө ашырылат.
2. Ставкалар жана айлык акылар эмгек мыйзамдарын эске алуу жана профкомдун катышуусу менен кызматкерлерди аттестациядан өткөргөндөн жана тарифтөөдөн кийин белгиленет.
3. Эмгек акы ай сайын белгиленген мөөнөттө берилет, кызматкердин эмгек акысынан ар кандай администрациялык жана башка муктаждыктарга кармап калууга тыюу салынат.
4. Кесиптерди айкалыштыруунун ошондой эле кошумча акыларды жана сыйлыктарды белгилөөнүн тартиби үстөк акылар, кошумча төлөөлөр жана сыйлыктар жөнүндө жобого ылайык профсоюз комитети менен макулдашуунун негизинде директор тарабынан аныкталат (эгерде алар бар болсо).
5. Администрация кызматкерге өз милдеттерин аткаруу үчүн зарыл эмгек шарттарын камсыз кылат. Ички иш тартибин жана эмгек тартибин жөнгө салат.
6. Администрация кызматкерлерге иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн жыл сайын 28 күндөн 56 календардык күнгө чейин акы төлөнүүчү өргүү жана музыкалык окуу жайдын кызматкери жүйөлүү себептер менен арыз жазса эмгек акы төлөнбөгөн эмгек өргүүсүн берүүгө тийиш.

**3-бөлүм**

**Кызматкерлердин социалдык кепилдиги жана экономикалык укуктары**

1. Администрация санитардык талаптардын ченемдерине жана эрежелерине ылайык окуу корпусту, класстарды, кабинеттерди жабдууну камсыз кылууга милдеттүү. Музыкалык окуу жайдын кызматкерлеринин нормалдуу жана коопсуз иштеши үчүн шарттарды түзөт.
2. Администрация өзгөчө жагдайларда кызматкеринин арызы боюнча эмгек акысын үч күнгө чейин сактоо менен (нике кыюу, ооруп калуу, кимдир бирөөнүн өлүмү) эмгек өргүүсүн берүүгө тийиш.

3. Администрация Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында белгиленген ченемдер боюнча балдардын жөлөк пулдарын, декреттик өргүүлөрдү, бейтап баракчасын төлөп берүүгө милдеттүү.
4. Окуу жайдын администрациясы кесиптик бирлик ишин аткарууга тартылган кызматкерге жумуш күнүн төлөп берүүгө милдеттүү.

**4-бөлүм**

**Эмгекти коргоо**

1. Администрация өрткө жана эмгекти коргоонун башка эрежелерине каршы келген коопсуздук техникасы боюнча кызматкерлерге инструктаж өткөртүүгө жооптуу.
2. Кызматкерлер профком менен бирдикте администрация тарабынан иштелип чыккан эмгекти коргоо боюнча нускаманы сактоого милдеттүү.
3. Администрация жер-жерлерде зарыл болгон эмгек тартибин колдойт,
4. Кесиптик бирлик комитети эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарга карама-каршы келген администрациянын ишин жана чечимдерин токтото турууга укуктуу. Администрациянын протесттери маданият кызматкерлеринин профсоюзунун иш-аракети менен же сот тартибинде каралат.
5. Музыкалык окуу жайда жумуш жуманын белгиленген нормалдуу узактыгы 18ден 36 саатка чейин.
6. Музыкалык окуу жайдын кызматкери администрация тарабынан эмгек шарттарына карата ченемдик талаптар одоно бузулса кесиптик бирлик комитетине кайрылууга укуктуу.
7. Бардык эмгектик талаш-тартыштар жана конфликттер кызматкердин кесиптик бирлик комитетине жазган арызы боюнча каралат, арызга карата обңективдүү карап чыгуу жана чечим чыгаруу жүргүзүлөт.
8. Окуу жайдын администрациясы кесиптик бирлик комитетинин ишине кийлигишүүгө, жалпы ишке же айрым кызматкерге зыян келтирип, таасир көрсөтүүгө укугу жок.
9. Эмгекчилердин укуктарын коргоо боюнча чыр-чатактуу кырдаалдарды жөнгө салуунун жүрүшүндө администрациянын чечими менен макул болбогон учурда кесиптик бирлик комитети өзүнүн атынан жогору турган кесиптик органдарга кайрылууга укуктуу (жалпы иштин же айрым кызматкердин кызыкчылыгында).

**V – Бөлүм**

**Профкомдун жана эмгек жамаатынын укутары.**

1. Профсоюз комитети администрациянын эмгек жөнүндө мыйзамдарын, жамааттык келишимдин аткарылышын көзөмөлдөөнүн ишке ашырат, мыйзамдарды жана кызматкерлердин кызыкчылыктарын коргойт.
2. Администрация профсоюздун жумуш орундарды, ички жайларды, кабинеттерди, класстарды тоскоолдуксуз текшерип карап туруу укугун берет.

3. Профсоюз эмгек акынын төлөнүшү жана эсептелиши жумушчу орундардын болжолдуу кыскартылышы жөнүндө тийиштүү документтерди жана маалыматтарды алат.
4. Профсоюз комитети музыкалык окуу жайынын кызматкерлеринин арасында маданий – массалык иш-чараларды өткөрөт.
5. Профсоюз мүчөлөрү жеке эмгек жаңжалдарынын чыгуу учурунда профкомду коргоо укугун пайдаланышат. Профсоюз мүчөлөрү бекитилген жобого ылайык обком профсоюздан акысыз юридикалык кеңеш алууга, администрация менен пикир келишпеген учурда сотто акысыз жана жеңилдик шарттары менен коргоолуу укугуна ээ, жетишпеген үй бүлөдөгү студенттер үчүн , окутуучулар үчүн да профсоюздук каражаттан материалдык жардам алууга. Профсоюздун эс алуу үйлөрүнө, санитардык – курорттук дарылануугa жолдомолорду алууга укуктуу.
6. Профсоюз комитети эмгек тартибин бекемдөөгө көмөктөшөт, кызматкерлерге мыйзамдарынын жоболорун түшүндүрөт жана эмгек акыны туура эсептелишин мезгил - мезгили менен текшерип турат, эс алуу үйлөрүнө, санитардык – курорттук дарылануугa жолдомолорду бөлүштүрөт.

**VI- бөлүм**

1. Катышкан тараптардын ортосундагы жамааттык келишимдин аткарылышын көзөмөлдөйт.
   Администрация жана профсоюз комитети эмгек жамаатына жылына бир жолу жыйналышта келишимдин аткарылышы жөнүндө маалымат берет.
2. Эмгек жамааты өзүнүн талаптарын администрацияга профсоюз комитети аркылуу жазуу жүзүндө билдирет.
3. Колдонулуп жаткан жамааттык келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн, жамааттык келишимдин жаңы долбоорун иштеп чыгууга администрация жана профсоюз комитети биргелешкен комиссия түзөт.
4. Кандай тараптар болбосун жамааттык келишимдерди иштеп чыгуу, түзүү, өзгөртүү жана толуктоо боюнча жамааттык суйлөшүүлөрдүн демилгечиси болуп чыгууга укуктуу.
   Сүйлөшүүлөрду баштоо жөнүндө башка тараптан жазуу жүзүндө кабарлоо алган тарап, суйлошүүлөрду жети кундук мөөнөттүн ичинде баштоого милдеттүү.

**VII- Бөлүм**

**Милдеттер жана жоопкерчиликтер:**

**Эмгек жамаатынын мүчөлөрү милдеттүү:**

1. Педагогикалык окуу жайынын эмгек мыйзамдарын жана этникалык нормаларын кынтыксыз сактоого милдеттүү, эмгек тартибин, педагогикалык этиканы бузгандар административдик жазага тартылат.
2. Окутуунун сапатын, өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатып, педагогикалык жана концерттик ишмердүүлүктө өз окуучуларга үлгү болууга милдеттүү.
3. Шаардын жана облустун маданий турмушуна жигердүү катышууга милдеттү.

4. Эмгек жамаатынын эмгек мыйзамдарын жана тартибин бузган, эмгек китепчесине жазылуу менен сөгүш алган мүчөлөрү акыркысында жумуштан бошотулат.
5. Эмгек келишиминин милдеттеринин аткарылышын бузган күнөөлүү иш берүүчү тараптагы адам административдик жана тартип жоопкерчилигине тартылат.
6. Эмгек келишим 3 жылдык мөөнөткө түзүлөт, кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.
   Эмгек келишимин тараптардын макулдугу боюнча колдонуу мөөнөтүнүн ичинде толуктоого жана өзгөртүүлүгө болот.

Аткарылышын көзөмөлдөө тараптар тарабынан жүргүзүлөт. Аткарылышынын жыйынтыгы эмгек жамаатынын жыйналышында талкууланат.

## VIII - Бөлүм
## КЕЛИШПЕСТИКТЕРДИ ЧЕЧҮҮНҮН ТАРТИБИ

1 Жамааттык сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө келип чыккан араздашуулар протокол менен бекемделет. Анда араздашууларды четтете турган чаралар тууралуу, сүйлөшүүлөрдү жанданта турган мөөнөт тууралуу сунуштар киргизилет.

2. Араздашуу протоколу тараптардын бирдей сандагы мүчөлөрүнөн турган макулдашуу комиссиясына (жараштыруу) берилет. (Эмгек кодекси 39-б.; “Жамааттык келишимдер жөнүндө” КРнын мыйзамы 6,7-б.). Зарыл болгон учурда консультация үчүн эксперттер жана ортомчулар катышат.

3. Макулдашуу комиссиясынын чечимин же ортомчунун сунушун алганга чейинки мөөнөттө сүйлөшүүлөр убактылуу токтотулушу мүмкүн.

4. Макулдашуу комиссиясы жети күндүн ичинде протоколду карап чыгып ал боюнча чечим (сунуш) чыгарат.

5. Тараптар арасында макулдашууга жетпей калган шартта, араздашуунун жөнгө салчу макулдашуу комиссиясында Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык жараштыруу процедуралары колдонулат. («Жамааттык келишимдер жөнүндө» КРнын мыйзамы 7-б.)

6. Комиссиянын иштөө мөөнөтү суроо-талаш жаралган убакытта болот.

7. Келишпестиктерди чечүүдөгү комиссиянын курамы:
 1. Директор – Тилегенов Курманбек Эсенгулович
 2. Профсоюз төрайымы – Усупова Бермет Турдугуловна
 3. Профсоюз уюмунун мүчөсү – Боронбаев Талыпжан Раманкулович
 4. Профсоюз уюмунун мүчөсү – Султангазиева Айгуль Кудайбилетовна
 5. “КЭА” бөлүмүнүн башчысы- Жакыпов Өмүш Жакыпович.

Каракол шаарындагы Ы.Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын директору К.Тилегенов.

ПК төрайымы: Б. Усупова.